ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 821:82-32. DOI: 10.35803/1694-5298.2020.2.248-253

**КЕЛДИБЕКОВА Ж.К.**
[1]КР Улуттук Илимдер Академиясынын Ч.Айтматов атындагы
Тил жана адабият институту, Бишкек, Кыргыз Республикасы
Национальная академия наук Кыргызской Республики
Институт языка и литературы имени Ч. Айтматова, Бишкек, Кыргызская Республика

**KELDIBEKOVA ZH.K.**
[1]National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic
Institute of Language and Literature named after Ch. Aitmatov, Bishkek, Kyrgyz Republic
(zhibek.keldibekova@mail.ru)

# АҢГЕМЕ ЖАНРЫНЫН ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ (30-80-ж.)

# ЭТАПЫ РАЗВИТИЯ ЖАНРА РАССКАЗА (30–80 гг.)

# STAGES OF STORY GENRE DEVELOPMENT (30-80- y.)

*Макалада кыргыз аңгеме жанрынын калыптануу мезгили, өсүү динамикасы каралган. Коомдун өзгөрүшү менен чыгармалардын мазмундук-идеялык өзгөчөлүгү да жаңылануунун нугунда жүрдү. Тагыраагы айтканда аңгеме жанрынын башаты катары жазуучулар зарисовка, жанытма өңдүү гезиттик жанрлардан баштап, кийин аңгеме жанры өз алдынча калыптанган соң, анын табияты, жаралуу тарыхы, өзгөчөлүгү өз алдынча изилдене баштады. Тематикалык жактан согуш жылдары элдин патриоттук сезимин козгогон аңгемелер көбүрөөк жаралса, 60-80-жылдары жаңы багыттагы, бийиктиктеги чыгармалар жаралды. Алар көбүнесе кесип ээлери, кызмат адамдардын жеке жашоо, кулк-мүнөзүнөн мурда коомго тийгизген таасири ачык сүрөттөлдү. Мына ошол аңгеме жанрынын өнүгүү этаптарын комплекстүү кароо милдетибиз болду.*

***Өзөк сөздөр:*** *аңгеме, жанр, адабият, согуш, сюжет, автор, чыгарма, этап.*

*В статье рассматриваются время формирования и динамика развития жанра кыргызского рассказа. В связи с развитием общества параллельным курсом шло и обновление идейно-содержательных особенностей произведений. Говоря точнее, писатели в форме истока жанра рассказа использовали такие газетные жанры как зарисовки, жанытма. Только позднее после формирования самостоятельного жанра рассказа стали исследоваться его природа, история развития, особенности. Скажем, если по тематике в годы Великой Отечественной войны больше создавалось рассказов, пробуждающих патриотические чувства народа, то в 60-80-е годы появлялись произведения иного содержания. В них открыто рассказывалось о людях различных профессий, случаях из жизни служащих, повлиявших на их дальнейшую судьбу. Такого рода комплексное рассмотрение этапов развития жанра рассказа и было нашей задачей.*

***Ключевые слова:*** *рассказ, жанр, литература, война, сюжет, автор, призведения, этап.*

*The article examines the formation time and dynamics of the development of the Kyrgyz story genre. In connection with the development of society, the renewal of the ideological and substantive features of the works also proceeded in parallel. More precisely, the writers in the form of the origin of the genre of the story used such newspaper genres as sketches, zhanytma. Only later, after the formation of an independent genre of the story, its nature, history of development, features. For example, if during the Great Patriotic War more stories were created on the subject,*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*awakening the patriotic feelings of the people, then in the 60s and 80s, works of a different content appeared. They openly talked about people of various professions, cases from the life of employees that influenced their future fate. This kind of complex consideration of the stages in the development of the genre of the story was our task.*

***Key words:*** *story, genre, literature, war, plot, author, works, stage.*

Аңгеме жанры чындыгында, көп ойлонууну, көп түйшүктү талап кылары шексиз. Ыр жазып жаткандай, оргуштаган, дыкаттыкты, тыкан эргүүнү талап кылат. Башка жанрлардай роман повесттегидей сюжет улам курчуп, каармандар улам өнүгө бербейт. Көлөмү чакан, чыгарманын сюжети эсте каларлык, идеялык бир бүтүндүктө болуусу керек. Ошонусу менен ал окууга, кабыл алууга жеңил. “Аңгеме жанры татаал форманы өздөштүрүүдөгү алгачкы изденүү, баштапкы тажрыйба, алгачкы саякат болгон. Прозанын башка түрлөрүнөн биринчи иретте көлөмүнүн чакандыгы, сүрөттөө мүмкүнчүлүгүнүн чектелгендиги, коомдогу ар бир саясий-экономикалык, маданий-техникалык маанилүү маселелерге тез жооп берип турган оперативдүүлүгү, кыжырмөндүгү менен айырмаланат. Натыйжада адам турмушунун маанилүү гана учурлары сүрөттөлөт”. [Кебекова Б. Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору. – “Илим” басмасы. – Фрунзе, 1967. – 4-бет.] Аңгеме жанры жеңил көрүнгөнү менен жаралышы татаал процесс. Автордун ой-чабыты, фантазиясы, ой жүгүртүүсү бардыгы бир комплексте каралашы керек. Романда кааармандардын көбөйүүсү, сюжеттин курчулушу менен мазмундук жактан кеңейе берсе, аңгемеде башталдыбы, бүтүү керек. Чыгармадагы ашык сөз, артыкбаш окуя оркоюп калат. Анын табияты ушундай. Бул жаатта үзүрлүү эмгектенип, кыргыз адабиятында жанр катары калыптануусуна салым кошкондор аз эмес.

Ошентсе да жанр ар дайым өзгөрүү, өнүгүү абалында болуу менен туруктуу экендигин, өзүнүн адегендеги түпкү белгилерин сактап каларын М.Бахтиндин «Жанр живет настоящим, но всегда помнит свое прошлое, свое начало» [Бахтин М. Проблемы поэтики Достоевского. Сов.пис. М.: 1963, стр.142] деп айтканы ырастап турат. Жердигинде адабий жанрлардын пайда болушу, өнүгүшү бир кылка болбойт. Ар мезгилдин өзүнүн суроо-талаптарына жараша жанрдын өнүгүшү да ылайыкташып, форма, мазмун жагынан жаңыланып турат. Аңгеме өзүнүн жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык коомдук турмуштагы социалдык жана рухий өзгөрүүлөрдү сергек туюп, урунттуу учурларды чакан көлөмдө ичкериден терең изилдеп, турмуштун бир эпизодунун айланасында образдуу дүйнө жаратат. Жанрды изилдөө ал жөнүндө маалыматты байытып, көз карашыбызды эле кеңейтпестен, көркөм эволюциянын өнүгүш жолдорун, көркөм сөз чеберлеринин чыгармачылык өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз аңгеме жанрынын айрым проблемалары белгилүү адабиятчылар К.Асаналиев, К.Артыкбаев, Б.Кебекова, С.Жигитов, А.Эркебаев, Т.Аскаров, А.Медетовдун илимий эмгектеринде козголгон. Бул тууралуу Б.Кебекованын “Кыргыз аңгемесинин өсүш жолдору” жана С.Жигитовдун “20-жылдардагы кыргыз адабияты” эмгектеринде аңгеме жанрынын башаты катары, жазма адабияттын жанрларына чыйыр салууда алгачкы жазуучулар зарисовка, жаныитма өңдүү гезиттик жанрлардан баштаганын айтышкан. “Жаныитма турмуштун бир үзүм элесин берип, анын түздөн-түз көчүрмөсүндөй таасир калтырат. Өзү күбө болгон турмуш көрүнүшүн кагазга түшүрүүдө жазуучу аны коздобой, маалымат катары берип турганы мыйзам ченемдүү. Жаныитмаларда окуя негизинен маалыматтык маанайда жайгаштырылып, автордун негизги максаты мезгилдин үгүт-насаат иштерине байланышат. “Ошол кездеги жаныимтмаларда конкреттүү деталдар, тизмектеген сыяктуу сыпаттап жазуунун элементтери бар, бирок аларды аңгеме дешке болбойт.” [5; 4-б.] – деп белгилегендей жаныитма өз убагында аңгеме жанрынын жаралышын шарттаган фактор болгон десек туура болчудай.

Маселен, К.Баялиновдун “Ажар” повестин убагында аңгеме катары баалагандар да болгон. Чындыгында чыгарманын композициялык түзүлүшү, каарманды сүрөттөөсү буга

далил. Автордун негизги көңүлү Ажардын азап-тозогу, кайгылуу өмүр жолун көрсөтүүгө арналат. Ажардан башка окуянын тагдырын чечүүчү, андан башка өзөктүү образ жокко эсе.

Кыргыз туңгуч аңгемечилер С.Карачев, К.Тыныстанов, А.Токомбаев, М.Элебаев, К.Баялиновдордун алгачкы аңгемелери да фольклорго үндөш болгон. Жазуучулар коомдогу ар кыл көрүнүштөрдү кыргыз фольклорунун нугунда жазышкан, мындай тенденциянын болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш эле. “Арийне, жазма адабияты караманча өөрчүбөгөн же чала өөрчүгөн калктар демейде фольклордук мурастарга бай келет. Өз кезегинде ал мурастар жалаң поэзиялык гана эмес, кара сөз түрүндөгү оозеки чыгармалардан да куралат эмеспи”. [4;ё38-б]. Нукура кыргыз тилинде жазылган алгачкы чыгарма катары, К.Тыныстановдун 1924-ж. “Жас кайратта” жарыяланган “Мариям менен көл боюнда” аңгемесин айтсак болот.

Кыргыз адабияты өнүгүүнүн алгачкы мезгилинде тектеш адабияттардын, айталы татар, казак, өзбек адабияттарынын айрыкча орус адабиятынын таасиринде болгондугу бүгүнкү күндө адабият тарыхында такталган маселе болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу кыргыз аңгемелеринде орус адабиятындагыдай жанрдык көп түрдүүлүктү кездештирүүгө болот. Мисалы, автобиографиялык, сатиралык ж.б. аңгемелер түрк адабиятынын алгачкы мезгилдеринде бул сыяктуу көрүнүштөр дээрлик кездешпейт. Бул жагынан алганда кыргыз аңгемелери жанрдык — стилдик жана тематикалык — проблемалык жактан бай деп айтууга негиз бар.

Кыргыз аңгемелери алгачкы күндөн эле саясатташкандыгын, жеке адам тагдыры коомдук окуяларга байланыштуу чагылганын көрөбүз. Тап күрөшү, аялдар теңдиги маселелери биринчи планга чыгып, алар да баяндоо стилинде сүрөттөлгөн. Каармандардын ички дүйнөсүнө сүңгүп кирүү сыяктуу чеберчиликке байланыштуу маселелер али жетишпей, өксүп турган. Жазуучулар көбүнчө турмуштук окуялардын үстүндө болушуп, аны тереңдетип, себеп-натыйжаларын ачып берүүгө жетишкен эмес.

1930-жж. экинчи жарымынан баштап аңгеме жанры азда да болсо көркөм-эстетикалык бийиктикке умтулганын байкоого болот. Жаңы замандын темасына кайрылган кыргыз авторлордун колдонгон ыкмалары бири-бирине үндөш. Аңгемелердин фабуласы да төмөнкү нукта түзүлөт. Аңгеменин каарманы эски заманда бай-манаптардан кордук көрөт, укугу тебеленет. Жаңы заман келген соң каарман эркиндикке жетишет, окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Аңгемеде жаңы заман орногондон кийин кыргыз элинин жашоосундагы социалдык өзгөрүүлөр эски калдыктардан бошонуу, аялзаттын көз карандысыздыгы баяндалып, аңгеменин соңу оптимисттик маанай менен аяктаган. Мисалы, С.Карачевдик "Эрик таңында", К.Баялиновдун "Мурат", "Жетилген жетим", К.Маликовдун "Жаш жалын", М.Абдукаимовдун "Жашагым келет", Т.Үмөталиевдипн "Күлжамал бүгүн" ж.б. чыгармалары. Жогорудагы жазуучулардын ичинен К.Баялиновдун аңгемелери композициялык жактан жыйынтыктуулугу, сүйлөмдөрүнүн тактыгы жана түшүнүктүүлүгү менен айырмаланат.

М.Элебаев "Бороондуу күнү" аңгемесинде лирикалык каармандын бир күнүн сүрөттөйт. Жогорудагы аңгемелерден айырмасы катары эски заман менен жаңы заманды салыштыруунун жоктугун белгилөөгө болот. Аңгемеде тизмектелген окуя жок. Ю.Курановдун: "рассказ обособливает частный случай из жизни, отдельную ситуацию и придает им высокий смысл" [Куранов Ю. Бессюжетных рассказов нет. //Вопросы литературы, 1969. -№7. -с.7] деген оюн эске алсак, анда бул чыгарма аңгеме жанрына дагы да жакындап келген. Анткени, М.Элебаев-Куранов айткан жашоодон алынган бир этюодго абдан чоң маани киргизип сүрөттөгөн. "Бороондуу күндөгү" адамдын өзүн өзү издөөсү жөнүндө. Демек, М.Элебаевдин "Бороондуу күнү" чыгармасын очерк эмес, аңгеме дегенге толук негиз бар, ошондой эле мында автобиографиялык материал баяндалып, ал аңгеменин негизин түзүп турат.

1940-жж. бүтүндөй Совет адабиятынын орток темасы Улуу Ата мекендик согуш болду. Проза, поэзия, драматургияда баатырдык өнүттөгү чыгармалар жазыла баштады. Мына бул жылдарда жазылган аңгемелер жалаң гана фронттогу совет элинин баатырдыгын

сүрөттөбөстөн, тылдагы кужурмөн элдин турмушун чагылдырган. Мисалы Т.Сыдыкбековдун "Эл оозунда" (1941), "Пайдага чечилген чатак" (1942), "Аялдын аңгемеси" (1942), "Тарбия" (1942), "Күтүү" (1942), "Сагынбадымбы" (1942), "Замбирекчилер", "Эрдик", М.Элебаевдин "Алыскы тоодон"(1942), "Соңку бир күн"(1942), А.Убукеевдин "Жаркын"(1944), А.Токомбаевдин "Күтүлбөгөн белек" (1943), К.Жантөшевдин "Чолпонбай" (1943), Ж.Ашубаевдин "Достук", К.Баялиновдун "От ичинде", "Жетилген кайрат" (1942), Ж.Турусбековдун "Айласыз кезигишүү" (1941), аңгемелерин айта кетсек болот. Бул аңгемелердин негизги максаты элдин патриоттук сезимин көтөрүү болгон. Аңгемелердин көбү жогорку пафосто жазылган. Фольклордук сюжеттер, ыкмалар бул жылдары жазылган аңгемелерде да орун алган. Мисалы, К.Жантөшевдин "Чолпонбай" аңгемесинде тарыхта жашаган реалдуу адамдын Улуу Ата Мекендик согуштагы эрдиги апыртылып баяндалат.

"Эгерде согуш темасынын улуттук адабиятыбыздагы көркөм иштелишинин бийиктигин аныктоо зарылдыгы келип чыккан болсо, сөзсүз ал бийиктикти аныктоочу белги катары Ч.Айтматовдун чыгармалары аталары белгилүү иш". [Кадырманбетова А. Добулбас үнү өчкөндө... Китепте: Адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануулар. – Бишкек, 2009. – 28-б]. Улуттук профессионал жазма адабиятыбыздын согуш тематикасына басым жасай турган болсок, көркөмдүк деңгээли жогору, жазуучунун үлгү болчу чыгармалары белгилүү. Аларда согуш ар түрдүү аспектиде каралды – адам согушта, тылда, ошондой эле согуштагы адамдардын турмуш-тагдырына, кулк-мүнөзүнө тийгизген ар кандай таасирлерин психологиялык өңүттөн караган чыгармалары да бар. Дегеле, бул темага кайрылбаган, анын азап-кайгысын жазбаган адам болбосо керек. Улуу ата мекендик согуш бүткүл совет эли үчүн чоң сыноо болду. Ошону менен бирге согуш миллиондогон адамдардын жашоосуна да эсепсиз кайгы-муң алып келген. Бул тууралуу улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов мындай эскерет: "Согуш кезинин окуялары бир жанды ачыткан жана үрөйдү учурган окуялар эле. Балалык баёо жан-дүйнөм менен мен ошол кайнаган окуялардын, үрөй учурган коркунучтардын, адам чыдагыс азаптын, кишини эзген кайгынын чок ортосунда болгом." [Айтматов Ч. 8 томдон турган чыгармалар жыйнагы. 5-том. – Бишкек: Учкун, 2009. – 451-б.] Жазуучун "Эрте келген турналар", "Ак кеме" повестинен баштап дээрлик эмгектеринин көбү бул тематикада.

Согуш мезгилинде аңгеме жанрына жаңы ыкмалардын кириши сюжет куруунун, образ түзүүнүн, мүнөздү ачуунун жаңы жолдорун издөөдө турду. "Натыйжада көркөм аңгеме турмуштун бардык тармактарына аралашуу, көп кырдуу маселелерди көтөрүү менен өзүнүн оперативдүүлүгүн, кужурмөндүгүн көрсөттү. Бул мезгилде жазылган чыгармаларга бирден-бир мүнөздүү нерсе анын автобиографиялык, очерктик материалдарга көбүрөөк жакындыгы болду." [Кебекова Б. Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору. – "Илим" басмасы. – Фрунзе, 1967. – 144-бет.]

Согуш мезгилинен кийин кыргыз жазуучуларынын катарын бир топ таланттуу жазуучулар толуктайт. Мисалы, Ч.Айтматов, Ш.Бейшеналиев, Ө.Даникеев, А.Жакыпбеков, К.Каимов, А.Саспаев, ж.б. Прозада сатиралык аңгемелердин пайда болушу, калыптанышы да согуштан кийинки мезгилге таандык. Мисалга, К.Каимовдун "Теке сүзгөндө" (1953), "Соңку жолугушуу" (1954), "Токол" (1957), "Шляпа" (1956), ж.б. аңгемелери автордун жазуучулук позициясын аныктап, жаңы форманын орун алышын айтат. Автор жогоруда аталаган аңгемелерде коомдун кызыкчылыгынан жогору койгон өзүмчүл мансапкорлорду, эски салт-санааларды алып жүрүүчүлөрдү, дегеле жаңыча жашоо образына көнө албаган адамдарды сындайт. Бирок, турмуштун терс жактарын көрсөтүүдө, "Сатиралык, же юмористтик пландагы образды түзүүдө реалдуулукту сезүү ченемин жоготпойт". [Асаналиев К. Кыргыз аңгемесинин айрым маселелери. // Ала-Тоо. – 1957, №2. – 88-б.] Анын каармандары турмуштун бир эле тармагынан, бутагынан алынат. Бирок, каймана мааниде оюн жектиргени белгилүү. Алсак, Салык менен Мамбеткулдун ортосундагы "достуктун" чыныгы мазмунун ачуу, кудалашуу, ата-эненин макулдугу менен эки жашты баш коштура коюу сыяктуу зыяндуу көз-караштын турмушта болуп жаткандыгын, эл алдында уят болушун көрсөтүү

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

(“Соңку жолугушуу”), карыган энесинин айтканына көнүп, айдаган жагына басып, жашоого болгон өз кызыкчылыгы жок, көз-карашы, кругозору аз, өзүнүнүн эрки жок Керкибайдын трагедиясын белгилөө (“Ашыктык”) күлкү-юмор формасында өтөт.

Бул мезгилде жазылган аңгемелердин кемчилиги окуя көпчүлүк учурда үстүртөн сүрөттөлөт. Айрыкча душмандарды алсыз сүрөттөө тенденциясы күчтүү болгон, алардын реалдуу күчүн төмөн баалайт. т.а. аңгемелерде чындыкка караганда жасалмалап сүрөттөө, атайын автордук максат менен алдын ала даярдалган схема аркылуу сүрөттөө көбүрөөк болгонун көрөбүз.

Кийинки 70-80-жылдардагы кыргыз адабиятында аңгеме жанры жаңы көркөм-эстетикалык бийиктике жетишти. Бул жаатта өзүлөрүн мыкты көрсөткөн жазуучу катары К.Акматов, М.Байжиев, К.Жусупов, М.Гапаров, А.Жакыпбеков, Б.Усубалиев, Ж.Жапиев, К.Каимов ж.б. чыгармалары окурмандын терең катмарына сиңди.

Жазуучулар эмне жөнүндө жазбасын, эң алгач адам маселесине байланыштырышат. Адам тагдыры, анын ички-тышкы турмушу, жашоодогу карама-каршылыктары, аны чечүүнүн жол-жолболору, үй-бүлөөлүк маселелер ж.б. кыргыз жазуучуларында кеңири масштабда каралгандыгы байкалат. 60-80-жылдары көптөгөн жазуучулар пайда болуп, жаңы ысымдар көбөйүп, жаңы чыгармалар жаралды.

Бул жазуучулардын чыгармасы форма жагынан да, мазмуну жагынан да жаңы эле. Алар көркөм сөз өнөрүнө шыктанган, совет адабиятын, орус жана чет элдик классиканы мыкты өздөштүрүүнүн натыйжасында каармандын жан-дүйнөсүнө сүңгүп кирип, турмушту ачык чагылдыра алышкан. Ошол мезгилде кыргыз адабиятында каармандын ички дүйнөсүндөгү бурулуштарды чагылдыруу, көңүл борборунда адамдын тагдырын изилдөө жолунда тургандыгы Ч.Айтматовдун чыгармалары менен шартталгандыгын айта кетүү керек. Бул тууралуу адабиятчы К.Асаналиев: “До сих пор никто еще в киргизской литературе не сумел так глубоко и проникновенно раскрыть человеческую душу изнутри как это сделал Айтматов.

В изображении человека, воссоздании его сложного внутренного мира Ч.Айтматов явился тем писателем-новатором, который оттолкнувшись от достижений своих предшественников, бесповоротно преодолел генерацию установившихся норм и традиций”. [Асаналиев К. Проблемы и пути развития современной прозы республик Средней Азии и Казахстана. // Литературный Киргизстан. – 1973, №5. – с. 77].

Ал эми А.Саспаевдин аңгемелерин окуй баштаганда эле биринчи көзгө урунган нерсе – алардын тематикалык көп түрдүүлүгү. Автор ангемедеги окуяларды баяндоодо так дата көрсөтпөйт, окуянын өткөн мезгили тарыхый жактан конкреттештирилет. Башкача айтканда, окурман тарыхтан бул окуялардын кайсы жылдары жашагандыгынан кабардар. Реалдуу тарыхый окуялар ачылып, адабиятчы Д.С.Лихачев айткандай: “предпологает наличие других событий, совершающихся одновременно за пределами произведения, его сюжета." [Лихачев Д.С. История древнерусской литературы. – Москва, 1973. – 214-б.].

А. Саспаевдин каармандары күнүмдүк турмуштан алынган карапайым, жөнөкөй кишилер, бирок, ошол эле учурда ошол жөнөкөй кишилерди сезимталдык менен сүрөттөп, ички дүйнөсүн ачып берет. Мисалы, “Айылдык акындын бир күнү”, “Туура жооп”, “Даша”, “Карамай” аңгемелерин айта кетсек болот.

Ал эми Б.Жакиевдин «Бороондуу жолдо» аңгемеси окуянын бүткөн жеринен башталат. Аңгеме «Бороондуу күн» деп метаформалуу түрдө аталган, анда ырасында эле турмуш бороонуна кабылган жубайлардын татаал тагдырлары аңгеменин сюжеттик негизин түзөт. Турмуш шамалы эки жакка айдагандар арадан узак мезгил өтсө да эмне үчүн жолуккан эле жерден тил табышып, ал тургай бири-бирине болгон сагынычын жашыра албай, сыр төгүшүп, кайра түтүн булатып киришкенин чыгарманын сюжетинен толук жооп алабыз.

1980-жылдары “Ала-Тоо” журналы аңгеме жанрынын жан-жүйөөсүн, эстетикалык табиятын, идеялык-көркөмдүк мүмкүнчүлүктөрүн, жанрлар системасындагы анын ордун

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

иликтеген сынчылардын бир катар кызыктуу макалаларын жарыялады. Адабий жанрлар ортосунда көркөмдүк-эстетикалык чек бар экендиги талашсыз. Ал чек жазуучу тандап алган тема, чечмелөөгө алынган проблема, идея, турмуштук материал менен түшүндүрүлөт. Башка жанрдагы чыгармалар сыяктуу эле аңгемеде да, көркөмдүк-идеялык бүтүндүгү, бир организмэкендиги менен айырмаланат.

Адабиятыбызда мезгилдин талабына ылайык коомдогу болуп жаткан ар бир урунттуу учур жазуучунун өзгөчөлүгү, стилине ылайык чагылдырып берилери талашсыз. “Дегеле кандай чыгармачыл адам болбосун өз доорунун, мезгилинин орчундуу проблемаларына каалаcа, каалабаса да замандын жакшы-жаман жагын көңүлүнө албай, кайрылбай койбойт” [Асакеева Д. Кыргыз адабиятынын маселелери. – Б.:2012, 348-б] – деп адабиятчы Д.Асакеева белгилегендей, доордогу өзгөрүү, жаңылануну ошол мезгилдин адабиятынан көрүп, таанууга шарт түзүлөт. 80-жылдардагы кыргыз аңгемелеринде көбүнесе кесип ээлери, кызмат адамдардын жеке жашоо, кулк-мүнөзүнөн мурда коомго тийгизген таасири, пайдасы же зыяны жасаган иши аркылуу гана бааланганда й элес калтырат.

## Адабияттар тизмеси

1. Айтматов Ч. 8 томдон турган чыгармалар жыйнагы [Текст] / Ч.Айтматов // 5-том. –
Бишкек: Учкун, 2009. – 451б.
2. Асаналиев К. Кыргыз аңгемесинин айрым маселелери [Текст] / К.Асаналиев // Ала-Too. – 1957. - №2. – 88 б.
3. Асакеева Д. Кыргыз адабиятынын маселелери [Текст] / Д.Асакеева. – Б.: 2012. –348 б.
– 38 б.
4. Жигитов С. 20-жылдардагы кыргыз адабияты [Текст] / С.Жигитов. – Фрунзе: 1984.
5. Кебекова Б. Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору [Текст] / Б.Кебекова. – Фрунзе: Илим басмасы, 1967. – 4-бет.
6. Кадырманбетова А. Добулбас үнү өчкөндө. [Текст] / Китепте: Адабий кырдаалжана көркөмдүк жаңылануулар. – Бишкек, 2009. – 28-б.
7. Лихачев Д.С. История древнерусской литературы [Текст] / Д.С.Лихачев. – Москва:1973. – 214 б.
8. Бапиев А.С. Кыргыз элинин экологиялык аң-сезими жана анын көркөм адабияттачагылдырылышы [Текст] / А.С.Бапиев, М.Ш.Төлөбаев // Вестник КГУСТА. – Бишкек: 2019. - №3(65). – с. 436-440.